Фергана областынын Анжиян, Наманган, Скобелев, Ош, Маргалаң уезддеринде жашаган кыргыздардын чарба жүргүзүү абалына, өзгөчөлүктөрүнө карата жүргүзүлгөн тарыхый-салыштырма анализден төмөнкүдөй жыйынтыктарды чыгарууга болот.

**Жыйынтыктар:**

1. Областтагы жашаган кыргыздар өзүнүн табигый-географиялык жайгашуусу менен айырмаланып, географиялык абалга жараша мал чарбачылык, жер иштетүүчүлүк чарбалык тиби менен айырмаланышкандыгы анык;

2. Салыштыруу анализинен белгилүү болгондой, тоолуу аймактарда жашаган кыргыздар салттуу мал чарбачылык материалдык байлыктын негизги киреше бөлүгүн түзгөндүгү белгиленди;

3. Суулу, түздүктүү аймактарда жашаган кыргыздарда жер иштетүүчүлүк, көчмөн-мал чарбачылык, отурукташкан-дыйканчылык, аралашкан чарбанын тиби үстөмдүк кылгандыгы белгиленди;

4. XX к. башында көчмөн кыргыздардын чарба жүргүзүү салтында транцформациялык процесстер жүрүп, отурукташууга карай багыт алган тенденциялар күчөй баштаган.

**Колдонулган адабияттар тизмеси:**

1. **Кауфман, ф. К.П.** Проект всеподданнейшего отчета генерал-адъютанта [Текст] / К.П. фон Кауфмана // 1-го по гражданскому управлению и устройству в областях Туркестанского генерал-губернаторства 7 ноября 1867 г. - СПб., 1885.- 73 с.
2. Положение об управлении Туркестанского края, Полное собрание законов Российской империи. Собр. 3-е. Т. VI: 1886, закон №3814 - Высочайше утвержденное Положение об управлении Туркестанского края.- 320 с.
3. Материалы по киргизскому землепользованию. Ферганская область Андижанский уезд. -Ташкент, 1913; Материалы по киргизскому землепользованию. Ферганская область. Наманганский уезд. - Ташкент, 1913; Материалы по землепользованию кочевого киргизского населения южной части Ферганской области (Ошский, Скобелевский и Кокандский уезды).- Ташкент, 1915.
4. Материалы по землепользованию кочевого киргизского населения южной части Ферганской области (Ошский, Скобелевский и Кокандский уезды). –Ташкент, 1915.- 2 с.
5. Статистический обзор Ферганской области за 1904 г. - Скобелев, 1905.- С. 6-7.
6. **Кубанычбек, у. Н.** Колониалдык доордогу “аскердик элдик” башкаруу системасы, анын натыйжалары (Фергана областынын материалдарынын негизинде; XIX к. экинчи жарымы – XX к. башы) [Текст]: Автореф. дисс. ... к.и.н. / Н.Кубанычбек у. –Бишкек, 2024. – 182 б.
7. Список населенных мест Ферганской области.- Скобелев, 1909. - С. 2-32.
8. Материалы по киргизскому землепользованию. Ферганская область Андижанский уезд. -Ташкент, 1913. – С. 67-69.
9. Материалы по киргизскому землепользованию. Ферганская область. Наманганский уезд. - Ташкент, 1913. – 62 с.

Поступила в редакцию: 18. 09. 2024 г.

**УДК 391.4:687.4**

***Исраилова Г.А.***

*аспирант Кыргызско-Узбекского Межд. универ. им. Б.Сыдыкова, Кыргызская Республика*

## КЫРГЫЗДАРДЫН САЛТТУУ ЖЕҢИ ЖОК КИЙИМДЕРИНИН АТАЛЫШТАРЫ ЖАНА АЙЫРМАЛАРЫ

*Бул жумушта изилдөөнүн предмети катары кыргыздардын жеңи жок улуттук кийимдери каралган. Изилдөөнүн максаты болуп жеңи жок кийимдердин аталыштарын тактоо, алардын формасындагы, бычымындагы, тигилишиндеги айырмачылыктарын аныктоо. Адабияттарды талдоо, сурамжылоонун негизинде төмөндөгүдөй аталыштарды аныктоо - желек, желетке,*

*желегей, өпкө кап, камзол, кемзур, кемсал, камзур, бешбел, бешмант,чыптама, чермий, пинжек, пинчек, калтача, кармооч, көкүрөкчө, колтук желек, колтукча, бортоной, күрмө. Бирок тарыхый булактарды терең анализдөөнүн негизинде алардын формаларында, узундуктарында, бычымдарында айырмачылыктар бар экенин, убакыттын өтүшү менен жаңы бычымдардын пайда болушу, жаңы аталыштардын келип чыгышына алып келген. Жумуштун жыйынтыгында жеңи жок кийимдерди билдирген терминдерди, бул кийимдин түрлөрүн, алардын айырмачылыктарын, утилитарлык функцияларын изилдөө болуп саналат.*

***Негизги сөздөр**: чапан; тон; жеңи жок; желек; чыптама; кемзир; кемсел; өпкө кап; бешмант; бешбел.*

## НАЗВАНИЯ И РАЗЛИЧИЯ ТРАДИЦИОННОЙ ОДЕЖДЫ КЫРГЫЗОВ - БЕЗРУКАВКИ

*В данной работе предметом исследования является безрукавка, как традиционная одежда кыргызов, которая считается распространённым видом одежды в Средней Азии. Цель исследования - уточнить названия одежды безрукавки, определить различия в ее формах, конструкции и пошиве. На основе анализа литературы и опроса мы определили следующие названия: желек, желетке, желегей, өпкө кап, камзол, кемзур, кемсал, камзур, бешбел, бешмант,чыптама, чермий, пинжек, пинчек, калтача, кармооч, көкүрөкчө, колтук желек, колтукча, бортоной, курмө. Однако на основе глубокого анализа исторических источников было установлено, что существуют различия в их формах, длине, конструкциях, а появление новых форм с течением времени привело к появлению новых названий. Таким образом, целью статьи является изучение терминов, обозначающих одежду без рукавов, виды одежды, их различия и утилитарные функции.*

***Ключевые слова:** названия и различия традиционной одежды; традиционная одежда безрукавки кыргызов; чапан; тон; жени жок; желек; чыптама; кемзир; кемсел; өпкө кап; бешмант; бешбел.*

## DESIGNATIONS AND DIFFERENCES OF THE THE SLEEVELESS VEST – TRADITIONAL CLOTHES OF THE KYRGYZ PEOPLE

*In this work, the subject of the research is the sleeveless vest, as the traditional clothing of the Kyrgyz people, which is considered a common type of clothing in Central Asia. The purpose of the research is to identify the designations of the sleeveless vests, as well as the differences in their form, shape, and stitching. Based on the analysis of the literature and a survey, we identified the following designations: zhelek, zheletke, zhelegei, opko kap, camzol, kemzur, kemsal, kamzur, beshbel, beshmant, chyptama, chermiy, pinjek, pinchek, kaltacha, karmooch, kokurokcho, koltuk, jelek, bortonoy , kurmo. However, based on an in-depth analysis of historical sources, it was found, that there are differences in their shapes, lengths, design, and the emergence of new forms over time led to the appearance of new designations. Thus, the purpose of the article is to study the terms for sleeveless clothing, types of clothing, their differences and utilitarian functions.*

***Key words:** designations and differences of traditional clothing; traditional kyrgyz sleeveless clothing; chapan; ton; jeni jok; jelek; chyptama; kemzir; kemsel; opko kap; beshmant; beshbel.*

Салттуу кийимдер - кыргыздардын этнографиясынын жана антропологиясынын кеңири таралган изилдөө объектилерининин бири болуп, аларды сүрөттөө, аталышы, даярдалышы, ээсинин жынысын, жашын, өзгөчөлүктөрүн аныктоону максат кылган. Орто Азияда кеңири таралган, азыркы мезгилде да кыргыздардын ар убакта күнүмдүк турмушта колдонулуп, массалык түрдө кийитке берилип жана кийилип жаткан улуттук жеңи жок кийими четте калбайт. «Сар-пай» - «чапан» деген түшүнүктү берет [1]. Сырт кийимдер кыргызда башкы кийит катары бааланат. Азыр чепкен-чапан же чапан-чепкен аралаш мааниде колдонулууда [1] – деп А.С. Акматалиев 1988-ж. совет доорунда кыргыз кииймдерин белгилеп айткандай**,** К.И. Антипина: түштүк кыргыздары, түндүк кыргыздары сыяктуу эле чапанды Борбордук жана Орто Азияда байыркы мезгилдерден бери кенен тараган ат менен “тон” деп эле аташат [4]. Түштүк жергесиндеги туруктуу элдер “чапан”, “ичик”, “кемселдин” баарын бир эле ат менен “тон” деп атай беришкен [10] дегендей, азыркы учурда элдин арасында кыргыздын улуттук жеңи жок кийимдери ар түрдүү аталыштарга ээ болуп келет.

Түштүк жергесиндеги эң ири Кара-Суу базарында жеңи жок кийим сатып, соода кылган учурда - Баткен, Жалал-Абад, Ош областтарынан келген соодагерлер ар түрдүү аталыштарда аташчу. Google сурамжылоо жүргүзүп, анын негизинде аймактарда кандай аталышта аталып келерин, мисалы Баткен жергесинде баардык жеңи жок кийимдерди – “желек” деп атаса, Ош областындагы кээ бир аймактарда “желек” – жеңил ичтелген, саймалуу жеңи кыскартылган кийимдерди, ал эми жеңи жок кийимдердин баарын “кемзир”, “камзур”, түндүктө “кемсел” деп аташканын билинсе. Жалал-Абад облусунда, айрыкча Аксы тарапта – “чыптама” деген аталышта колдонулса, Таласта “чермий”, көл тарапта “пинжек” аталышында колдонушкандыгы аныкталды. Адабияттарды талдоо, сурамжылоонун негизинде төмөнгүдөй аталыштарды аныкталды - “желек”[4], “желетке”[6], “желегей”, “өпкө кап”[6], “камзол”, “кемзир”[4], “кемсел”[1], “кемсал”, “камзүр”, “бешбел”[2], “бешмант”, “чыптама”[2], “чермий, чермай”[4], “пинжек”[4], “пинчек, калтача, келтече”[4], “кармооч”[4], “көкүрөкчө”[4], “колтук желек, колтукча, бортоной”[4], “күрмө”[5]. Бирок тарыхый булактарды тереӊ анализдөөнүн негизинде алардын формаларында, узундуктарында, бычымдарында айырмачылыктар бар экенин, убакыттын өтүшү менен жаӊы бычымдардын пайда болушу жаӊы аталыштардын келип чыгышына алып келген.

Биздин доордун башталышындагы археологиялык булактарда тон сымал кийимдердин бычымдары татаал формалары берилгени, алар кылымдар бою майда-чүйдөсүнө чейин өзгөрүп, татаалдануу жана жөнөкөйлөштүрүү мезгилдерин башынан кечирип, бирок негизги принцибини сакталып калганы чоӊ кызыгууну жаратат. Бул жерде кызыктуу жагдай, Кеңкол көрүстөнүндө (Кыргызстан, б.з.ч. 1-кылым – б.з. 2-кылым) капталдары жок жана капталдары татаал кийимдер табылган, б.а. туника сымал кийимдердин өнүгүүсүнүн ар кандай этаптарын чагылдырган бычымдын түрлөрү, бул конструкциянын тереӊ байыркылыгын дагы бир жолу тастыктайт [12].

Баткен областында азыркы учурда баардык жеңи жок кийимдерди “желек” деп аташат. К.К. Юдахиндин сөздүгүндө желек – жеңил, ичилиги бар, бирок шырылбаган эркектердин сырт кийими же балдардын жеңи жок кийими - деп берилген [6]. К.И. Антипина 1962 жылы: түштүк кыргыздардын материалдык маданиятын изилдөөсүндө - «желек» бир төштүү халат жылдын жылуу мезгилинде улгайган эркектердин кийиминин кеңири таралган түрү болуп эсептелет. Кабарчылардын айтымында, ал Кыргызстандын түштүгүндө 80 жылдай мурун пайда болгон» - деп айтылат [4]. Демек желектин пайда болуусу XVII-XVIII кылымдарга, андан да илгерки болушу Кеңкөл көрүстөнүндө табылган кийимдер тастыктайт. Көчмөн турмушта, үй-тиричилигинде кыймыл аракетке ыңгайлуу болгон, күнүмдүк турмушта кийилген байыркы кийимдердин бири болуп, туника тибинде тигилген жеңил кийимдердин жеңи жок, же кыска даярдалышын желек деп аташкан деген жыйынтыкка келебиз. К.К. Юдахиндин сөздүгүндөгү жеңи жок кийимдердин аталыштарында анализ жүргүзсөк, мисалы “желегей” – түштүктө жүндүү тери менен ичтелген жеңи жок кийим, “келтече”- түштүк тарапта калын кыска, жеңи жок куртка, али эми “желетке”- шырылбаган кыска, жеңи узун сырт кийим болсо, бортоной – калыӊ, кыска, жеңи жок кийим деп берген [6].

Л.Ф. Костенко: “Чапандар эң начар эби жок бычылган: өтө эле кенен жасалат, жеңдери колдон эки эсе узун, түрүп алса, чоң-чоң түрүмдөр болуп, иштеген адамдын, конокто олтурган адамга аябагандай ыңгайсыздыкты жаратат” [13], дейт. Бирок тышкы кийимдердин этек-жеңдерин эмне үчүн узун кылышкандыгына токтолуп, кызыкпайт. Чапандардын жеңдери узун жасалышы климаты оор аймактарда колдордун үшүбөй жүрүшүн камсыз кылган [4]. Кыргыз эли жакынкы мезгилдерге чейин эле көчмөн жана жарым көчмөн турмушта жашап, негизинен мал чарбачылыгы менен кесиптенип, дыйканчылык да кылган [14]. Чапан, чепкен, ичик, тон,

кементай сыяктуу сырт кийимдер менен ат үстүнө буйдалбай эркин жүрүүгө да, жайытта, чабыкта жамынып жатууга да ушунчалык оңтойлуу болгон [1]. Чынында үй-тиричилигинде жеңи узун кийимдер менен талаа, үй жумуштарын жасоо ыңгайсыз болуп, аны кийбей койсо катаал шарттарда суук өтүү коркунучунан улам сырт кийимдерди жеңи жок кылып даярдоо келип чыккан. Байыркы энелер муктаждыктан улам, жашоо шартка, күнүмдүк кыймыл аракетке ыңгайлуу кийимдерди даярдап алышкан. Көп учурда эскилиги жетип калган тон-чапандардын жеңин алып салып кийе беришкен.

Көкө уулу Жеңижок (туулганда берилген ысымы — Өтө) (1860—1918) — кыргыздын залкар төкмө акыны жеңи жок кийими менен ушул атка конуп, элге таанылган. Комузду ойногондо да тоскоол кылгандыктан, жеңи жок кийимге басым жасаганбы же жаштайынан томолой жетим калып, турмушта көп запкы жеп, кымбат баалуу кийимдерди кийүүгө чамасы жетпегенден улам, жеңи жок кийимдер карапайым калктын кийими деген ойго келебиз. Себеби башы көрүнгөн башка комузчулар тонду желбегей [6] жамынып комуз чертишкен.

Чыптама — кыз-келиндерибиз кош этек менен жуп кие турган, ичтелип же жалаңкат тигилген жеңсиз, бели жабылгандай ич кийим. Чыптама да денеге чак тигилип, кош этек менен кийгенде гана көркүнө чыгат. Укмуштай кооз саймаланып, же көбөлөнүп тигилген чыптама көбүнчө чий баркыт, тасбаркыт, тукаба, трайке өңдүүлөрдөн тигилет» [2]. Чыптама – “чыпта” сөзүнөн келип чыгып, бекем-тыгыз ороо, денеге жабышкан, чыпталган жеңи жок кийимди түшүнөбүз. К.К. Юдахин “чыптама”(чуй), “чермай”, “чермий” – аял кишилердин жеңи жок кийими, кыз-келиндердин эмчек кабы [6] - деп которгон. Ал эми түштүктө ал “кармооч” [6] – деп аталган.

С.М. Абрамзон: “Ч. Валихановдун кыргыздын кыздары кийген “кокузбек” деп аталган корсеттеринин илгертен болгондугу жөнүндөгү маалыматына өзгөчө көңүл бурат. Бул термин байыркы түрк эместерге тиешелүү жана "төш" дегенди билдирген кокуз сөзүнөн келип чыккан [3]. Түштүктө “өпкө кап” деп аталган, “өпкө тон” (тяньш.) – бул чыптамадан айырмаланып көкүрөктү кармап туруу эмес, өпкөнү жылуу кармоо, сууктан сактоочу жеңи жок кийим болгон [6]. Кыргыздар жашоо тиричилигине ылайыкташтырып, аткарган кызматына карап кийимдерди атай беришкен. “Көкүрөкчө”- түндүктө чыптама сыяктуу балдардын көкүрөкчөсү [6], жаш балдардын калың, капталынан топчуланган кыска жеңи жок кийими. Аялдардыкынан айырмаланып бала алдынан чечип салбасын деп капталынан топчуланган, мойнун, ичин, бөйрөгүн, өпкөсүн жылуу кармаган жеңи жок кийимди түшүнөбүз.

Азыркы учурда жылуулук, кыймыл аракетке ыңгайлуулук функциясы көбүрөөк басымдуулук кылат. Көкүрөктү тартып туруу функциясы жаш келиндердин арасында колдонулбай калган. Бирок улуу муундагы аялдар көбүнчө эмчек кап тагынса жүрөгү кысылганын айтышып, кемзир кийип алганын айтышат.

Н.С. Момунбаева - “Туштук кыргыздардын салттуу кийимдери (XIXк. аягы – XXк. башы)” аттуу диссертациялык жумушунда “Чапан түрүндө тигилген кийимдеринин бардыгы бирдей бычмада болгон. Анын курамына желек, келтече, кемзир, кемсел кирет. Аталган кийимдердин негизги бычылыштары бирдей болуп, этек жеңинин узундуктары менен айырмаланган [7], деп белгилеп өтөт. Бирок 19-кылымдын аягынан баштап бычма түрүндөгү кийимдер (пройма, разрезные плечи, выкройки спинки и переда) биринчиден болуп Европалык Россиянын элдери менен көбүрөөк жана мурдараак байланышта болгон кыргыздар менен казактар тарабынан колдонулуп баштаган. Андан кийин Орто Азиянын башка элдеринин арасында, биринчи кезекте кийимдин жаңы түрү – “камзол”, “кемзал”, “кемсал”, “кемзор” ж.б. аркылуу жаңы бычымдар колдонула баштаган [12] .

XIX-XX кылымдын аягында Борбордук Азия калкынын арасында эркектердин жана аялдардын кийимдериндеги камзолдун пайда болушун европалык элдердин кийимдеринен алынган жаңылык катары изилдөөчүлөр жазышкан [5]. Болжол менен 30-жылдардан бери Кыргызстандын башка жерлериндей эле түштүктө да кеңири тараган жеңсиз кийим – *кемзир (кемсел)* кеңири тараган [15]. К.К. Юдахиндин кыргыз-орус сөздүгүндө «кемсал, кемзал, кемсел камзол с короткими (до локтя) рукавами: “Умсунай кемсалынын жеңин кийип алып фольк.» жеңи чыканакка чейинки “камзол”” [6], деп берилген. “Камзол”- деп (французча camisole) - эркектердин кийими белге чейин же тизеге чейин, кээде жеңи жок, тик же ылдый жакалуу, 17-кылымдын 1-жарымында Францияда Барокко доорунда пайда болгон; 18-кылымда ал Батыш Европанын башка өлкөлөрүндө, ошондой эле Россияда кеңири таралган [4]. Кыргыздарда *камзол* (кыргыз *кемсел*) – эркектердин жана аялдардын жеңи жок, белине чейин кесилген кийимдеринин аталышы болгон [11] .

А.С. Акматалиев кемселди адими калың кездемеден, таардан тышы, жука кездемеден ичи бар, тизеге дейре бычылып, жеңи узун да, чолок да болот. Аны бешмант, күрмө деп да коет. Кемсел чепкендин ичинен кийилет [2], деп айтса, К.К. Юдахин күрмөнү жеңи жок тон, деп которгон. Ал эми бешмант, бешмет- ичилик салынган, шырылбаган, белге чыпталып тигилген сырт кийим [6]. XIX кылымдын орто ченинде түндүк кыргыздарда кенен тараган жаңы типтеги кийим. Башка түрлөрдөн айырмаланып, бешмант денеге кыналып бычылып, арткы жана капталдары өзүнчө кесилген, алды оң тарапка көбүрөөк жабылган, узундугу көбүнчө тизеге чейин жеткен, жеңдери узун болгон. Бешмант тик жакалуу, топчу менен бекитилип, күмүштөн жасалгаланып жана кымбат баалуу кездемелерден, айрыкча баркыттан тигилген. Көбүнчө майрамдык кийим катары кийилген.

А.С. Акматалиев изилдөөсүндө кыз-келиндер кийүүгө өтө көрктүү кийим кемселди **«Беш бел»** деп да айтат. Себеби, этеги төгүлүп, бели кыналып турат. Мындай беш жеринен бел кыналып, этеги жайылып турган кийим тизеден беш эли узун болот [2], деп берилген. Демек кемзирден айырмаланып беш бел – өзү айтып тургандай этеги 5 ке бөлүнүп, трапеция түрүндө бычылган, узун кемзирди айтабыз. 2000- 2010 жылдары ушул формадагы кемзирлер этеги бири бирине бирикпей, ичинен кийилген көйнөктүн чоң формасын каптап турган, стилдештирилген кемсел модада болгон. Аларды той көйнөктөрдүн үстүнөн да кийишкен. Бийчилерге көбүнчө бийлегенде этеги жайылып, айланганда жайылып жакшы көрүнөт.

«Кемсел» кийими «келтече», «кемзир» аталышында да кээ бир аймактарда кийилген. Аталыштары жагынан башкача аталганы менен бычма тигилиши жана кийүү салты бирдей болгон [7] - деп Н.С.Момунбаева эмгегинде айтып кетсе, О.А. Сухарева кемсел кийиминин түштүк аймагында кеңири таралып кийилип, улуу муундагы аялдар кыска, шырылган «келтече» кийимин кийген [4] – деп айтат. К.К. Юдахин келтечени түштүк тарапта калың кыска, жеңи жок куртка [6], деп которгон. Мында улам калын шырылган, этеги кыска, жеңи узун киймди “келтече” болгон деген жыйынтыкка келебиз. Азыркы учурда шырылган кыска келтечелерди – кыска чапан же шырылган костюм деп аташат. Келтече деген ат колдонуудан чыгып кеткен.

Азыркы кыргыз коомунда улуттук кийим кийүү ар кандай маракелерге, той-топурларга байланыштуу болсо, күнүмдүк турмушта кыргыз аялдары массалык түрдө кийилип жаткан кийимдеринин бири, саймалар менен кооздолгон – жеңсиз кийимдер болуп эсептелет [16] - деп И.В. Стасевич белгилеп өткөндөй, чынында азыркы убакта, күнүмдүк турмушта массалык түрдө кийилип жаткан, белден ылдый кыска, тизеге он эли жетпеген узун, жамбашты жапкан орто, жеңи бар чынында “кемсел”, “кемзир” деп аталат, себеби бычымдары ийин, каптал, көкүрөктөн түшкөн тигилиштер жаңыча формада. Улуттук кийимдердин бири

– "кемзир" болуп эсептелет. Алардын азыркы учурда даярдалышы, кооздолушу өзүнчө изилдөөнү талап кылат.

**Жыйынтыктар:**

1. Жеңи жок кийимдер Орто Азияда кеңири таралган кийим түрү болуп эсептелип, кыргыздарда эл арасында жапырт түрдө кийилген, негизги функциясы – жылуулуктан, ысыктан сактаган күнүмдүк тиричиликке ыңгайлуу болгону белгиленди;

2. Жеңи жок кийимдер кыргыздарда эзелтеден бери эле кийилип келе жаткан кийим болуп эсептелип, туника түрүндө кенен бычылган, жеңи чолок же жок жука кийимдер – желек болгондугу аныкталды;

3. Жүндүү тери менен ичтелген жеңи жок кыска кийим – желегей деп аталгандыгы анык;

4. Чыптама, чермей, чермай, кармооч- кыска, денеге чыпталып тигилген жеңи жок кийим, эмчек каптын кызматын аткаргандыгы белгиленди;

5. Көкүрөкчө, өпкө кап- калын ичтелген, шырылган жеңи жок кийимдин негизги функциясы жылуулукту сактоо болгон болсо, ал эми кемзир, кемсел, камзур- деп жаңы бычымдагы, каптал, ийин, колтугу ийилип оюлган, жеңи узун, чолок же жок, белге кыналып, этеги жайылып ар түрдүү узундуктарда болгон кийим аталат.

**Колдонулган адабияттар тизмеси:**


1. **Акматалиев, А.С.** Кыргыздын улуттук кийимдери [Текст] / А.С. Акматалиев. – Ф.: Кыргызстан, 1988. – 40 б.
2. **Акматалиев, А.С.** Кыргыздын кол өнөрчүлүгү [Текст]: пособ. терминов / А.С.Акматалиев.- Бишкек, 1996. – 240 б.
3. **Абрамзон, С.М.** Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи [Текст] / С.М.Абрамзон. - Л.: Наука, 1971. - 325 с.
4. **Антипина, К.И.** Особенности материальной культуры и прикладного искусства южных киргизов [Текст] / К.И.Антипина.- Фрунзе, 1962. – 290 с.
5. **Асанканов, А.А.** Кыргызы [Текст] / А.А.Асанканов, О.И.Брусина, А.З.Жапаров. - М.: Наука, 2016. - 623 с.
6. **Юдахин, К.К.** Киргизско-русский словарь [Текст] / К.К. Юдахин. - Фрунзе, 1985. – 475 с.
7. **Момунбаева, Н.С.** Түштүк кыргыздардын салттуу кийимдери [Текст] / Н.С.Момунбаева.- Бишкек: Сарыбаев, 2014. – 200 б.
8. **Сухарева, О.А.** Древние черты в формах головных уборов народов Средней Азии [Текст] / О.А.Сухарев.
9. **Абрамзон, С.М.** Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи [Текст] / С.М.Абрамзон. - Ф.: Кыргызстан, 1990. - 480 с.
10. **Капалбаев, О.Э.** Кыргыздардын салттык тери иштетүү кол өнөрчүлүгү (XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башы) [Текст]: дис. ... д-ра. ист. наук / О.Э.Капалбаев. - Бишкек, 2022. - 350 с.
11. **Прохоров, А.М.** Большая советская энциклопедия [Текст] / А.М.Прохоров. - М.: Советская энциклопедия, 1969. - Т.11. - 608 с.
12. **Лобачева, Н.П.** О некоторых чертах региональной общности в традиционном костюме народов Средней Азии и Казакстана [Текст] / Н.П. Лобачева // Традиционная одежда народов Средней Азии и Казахстана. - М.: Наука, 1989.
13. **Костенко, Л.Ф.** Средняя Азия и выдворение в ней Русской гражданственности [Текст] / Л.Ф. Костенко. - Санкт-Петербург, 1870. - 358 с.
14. **Саттаркулов, Б.** Кыргызстан тарыхын окутууда жергиликтүү тарыхый археологиялык материалдарды колдонуу [Текст]: окуу-метод. колдонмо / Баба Саттаркулов.- Б.: Кыргызстан, 1998. – 120 б.
15. **Андреева, Р.П.** Камзол [Текст] / Р.П.Андреева // Энциклопедия моды. - Литера, 1997. - 186 с.
16. **Стасевич, И.В.** Киргизский женский традиционный костюм по фотоиллюстративным коллекциям МАЭ РАН и современным полевым материалам [Текст] / И.В.Стасевич // Иллюстративные коллекции Кунсткамеры. - МАЭ, 2019. - С. 87 - 109.
17. **Прохоров, А.М.** Большая советская энциклопедия [Текст] / А.М.Прохоров. - М.: Советская энциклопедия, 1969. - Т.11. - 608 с.

18. **Исраилова, Г.А.** Традиционные головные уборы кыргызов - трансформация иместо в современности [Текст] / Г.А.Исраилова // Наука. Образование. Техника. - Ош: КУМУ, 2023. - С. 66-69.

Поступила в редакцию: 24. 09. 2024 г.

**УДК: 930.378**

***Алымбаев Ж.Б.***
*д.и.н., профессор Кыргызско-Турецкого универ. Манас, Кыргызская Республика*
***Сыргабаев Д.***
*асп. Инст. ист., арх. и этнолог. им. Б.Жамгерчинова НАН Кыргызской Республики*

## КЫРГЫЗСТАНДЫН КАЛКЫНЫН САНЫ ЖАНА УЛУТТУК ТҮЗҮМҮ
## ( XIX к. экинчи жарымы- XX к. башы)

*Изилдөөнүн предмети катары Кыргызстандын революцияга чейинки доордогу калкынын саны жана улуттук түзүмү болуп саналат. Изилдөөнүн максаты: ревоюцияга чейинки доордогу тарыхый булактардын негизинде калктын санын аныктоо жана анын структурасына анализ берүү. Изилдөөнүн методу: азыркы Кыргызстандын түштүк жана түндүк аймактарындагы калктын санын аныктоо, тарыхый-салыштырмалуулук ыкмасы колдонулду. 1878 жылы түзүлгөн статистикалык комитет калктын систематикалык учетун жана алардын тизмесин алуу боюнча иш жүргүзө баштаган. Жумушта белгилегендей, калк туурасындагы негизги маанилүү тарыхый булактардын бири 1897жылдагы жалпы элдик каттоо боюнча Жети-Суу жана Фергана областарындагы кыргыздардын саны 480мин адамдан ашкандыгы белгиленди. Каралып жаткан мезгилдеги Кыргызстандагы калктын калыптануу процессинде славян элдерден тышкары, XIX к. экинчи жарымында көчүп келишкен татар, уйгур, дунгандар негизги ролду ойношкон.*

***Негизги сөздөр:*** *революцияга чейин; калк; саны; статистика; көчүп келгендер; татарлар; уйгурлар; дунгандар; немецтер.*

## ЧИСЛЕННОСТЬ И ЭТНИЧЕСКАЯ СТРУКТУРА НАСЕЛЕНИЯ КЫРГЫЗСТАНА
## (вторая половина XIX - начало XX вв)

*В данной работе предметом исследования является население и этническая структура Кыргызстана дореволюционного периода. Цель исследования - анализ численности населения и этнической структуры на основе дореволюционных источников. Метод исследования: применяется историко-сравнительный анализ для определения численности населения южной и северной частей современного Кыргызстана. Основное внимание уделяется анализу структуры населения Кыргызстана в конце XIX — начале XX века на основе многочисленных дореволюционных источников. Основным надежным источником сведений о населении является всеобщая перепись населения 1897 года, согласно которой численность кыргызского населения Семиреченской и Ферганской областей превышала 480 тысяч человек. В формировании структуры населения Кыргызстана в рассматриваемый период, помимо славянских народов, важную роль сыграли также татары, уйгуры, дунгане, мигрировавшие во второй половине XIX века.*

***Ключевые слова***: *дореволюционный период; население; численность; статистика; переселенцы; татары; уйгуры; дунгане; немцы.*

## THE NUMBER AND ETHNIC STRUCTURE OF THE POPULATION OF KYRGYZSTAN
## (the second half of the XIX - early XX centuries)

*The subject of this study is the population of Kyrgyzstan during the pre-revolutionary period. The objective of the research is to analyze the population size and ethnic composition based on pre-revolutionary sources. The article employs historical and comparative analysis to determine the population size of the southern and northern regions of contemporary Kyrgyzstan. It primarily focuses on analyzing the demographic structure of Kyrgyzstan in the late 19th and early 20th centuries, drawing from numerous pre-revolutionary*